КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ,
ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА
ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

ЭЛ АРАЛЫК МЕДИЦИНА ФАКУЛЬТЕТИ

СОЦИАЛДЫК-ГУМАНИТАРДЫК ДИСЦИПЛИНАЛАР КАФЕДРАСЫ

**Окутуучу К. А. Джеенбаеванын эл аралык медицина факультетинин 1курстун студенттери үчүн өтүлүүчү кыргыз тилин окутуунун практикалык курсу дисциплинасы боюнча “бейтаптын абалын сүрөттөө(кандай?)” деген темада жазган ачык сабагынын**

| | |
|---|---|
| **Сабактын темасы:** | **БЕЙТАПТЫН АБАЛЫН СҮРӨТТӨӨ (КАНДАЙ?)** |
| **Мотивация** | Бейтаптын абалын сүрөттөөдө колдонуучу сөздөрдү жана сын атооч сөздөрдүн к<br>аталышы боюнча маалымат берүү |
| **Өбөлгөлөр(күтүлүүчү натыйжалар)** | Кандай? деген суроого жооп берген сөздөрдү катыштырып туура сүйлөм түзө а |
| Сабактын максаттары | |
| **Билим берүүчү** | Сын атооч жөнүндө түшүнүк берүү;<br>**Бейтаптын абалын сүрөттөө жана кандай? деген суроого жооп берген** сөздөр<br>түшүндүрүү;<br>Кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүгүнө жараша тилди жатыктырууга үйрөтүү;<br>Сын атоочтор катышкан сөздөрдү жазуунун өзгөчөлүктөрүн үйрөтүү;<br>Кыргызча сүйлөшүү кеп адеби жөнүндө маалымат берүү ; Сын атооч жана<br>бейтаптын абалын сүрөттөөдө колдонулуучу сөздөрдү катыштырып сүйлөшүүнү<br>үйрөтүү; |
| **Өнүктүрүүчү** | Сын атооч жана бейтаптын абалын сүрөттөөдө деген темада колдонулуучу сөзд<br>айтууга багыттоо;<br>Кыргыз тилиндеги тыбыштарды айтуудагы өзгөчөлүктөрүн үйрөтүү;<br>Сын атооч жана бейтаптын абалын сүрөттөөдө деген темада колдонулуучу сөзд<br>окууга турмушунда колдоно билүүгө багыт берүү; |
| **Тарбиялоочу** | Алган билимдерин турмушта колдоно алат;<br>Туура пикир алышууну үйрөнөт;<br>Сүйлөө чеберчилиги, эске тутуусу жогорулайт;<br>Сын атооч жана бейтаптын абалын сүрөттөөдө деген темага тиешелүү сөздөрдү<br>туура сүйлөм түзө алат; |
| **Убакыт бөлүштүрүү** | Уюштуруу-10<br>Уй тапшырма- 15<br>Жаңы тема -15<br>Бышыктоо-35<br>Жыйынтыктоо-5<br>Үй тапшырма берүү-5<br>Баалоо-5 |
| **Сабактын методу** | Топтордо иштөө (Task-Based Learning, TBL) |
| **Сабактын формасы** | Диалог, топтордо ишөө |
| **Сабактын жабдылышы** | Компьютер, таратмалар, кеңсе буюмдары |
| **Баалоонун критерийлери** | Студенттердин билим деңгээли баллдык система менен бааланат **(5-тиркеме)** |


| | |
|---|---|
| **Өтүлгөн теманы суроо:** | Окутуучу: Саламатсыздарбы студенттер! Биз силер менен мурунку сабакта **Мен** **(Кандай?)** деген теманы өткөнбүз. Бирибирибиз менен кыргыз тилинде сын атоо тиешелүү сөздөрдү катыштырып, маек курганбыз. Кайрадан диалог түзүп тапшыр суроо максатында кайталап алсак.(студенттердин болжолдуу жооптору 1**-тиркем** көрсөтүлдү). |
| | **Сабактын жүрүшү** |
| **Чакыруу** | **Муз жаргыч:** "Сөз тапкыч" оюну. Оюндун шарты ар бир студент кыргыз тилин өзүнүн атынын баш тамгасынан башталган буюмду алып келүү керерк жана ошол сүрөттөп берүүсү керек. (максаты: студенттердин маанайын көтөрүү менен бирге |
| | тилиндеги колдонуп жүргөн жана билген сын атоочторду кайталатуу).<br>**Окутуучу**: Азаматсыңар ! Бир канча сын атоочко тиешелүү сөздөрдү билет экен Сын атоочтун салыштырма жана күчөтмө даражарлары деген темага тиешелү сөз мындан ары өздөштүрүп үйрөнгүңөр келеби?.....<br>Анда эмесе Менин досум (Кандай?)деген темага тиешелүү сөздөрдү үйрөнүп сүй түзүү үчүн бейтаптын абалын сүрөттөө (Кандай?) деген суроолорго жооп берген сөздөрдү да билишибиз керек. Биздин бүгүнкү өтүлүүчү темабыз "Бейтаптын а сүрөттөө" (Кандай?) |
| **Түшүнүү**<br>**Жаңы теманы өздөштүрүү:** | Студенттердин презентациясы аркылуу студенттер Бейтаптын абалын сүрөттөө ( деген тема боюнча маалымат алып , окутуучунун бышыктоосу менен т көнүктүрөт (2-тиркеме) |
| **Бышыктоо** | Алган билимдерин турмушта колдоно билүү максатында төмөнкү көнүгүүлөрдүн аткарылат:<br><br>Көнүгүүлөр менен иштөө **(3-тиркеме)** |
| **Жыйынтыктоо** | **Окутуучу:** Биз силер менен менин **Бейтаптын абалын сүрөттөө (Кандай?)** деге жөнүндө маалымат алуу менен бирге окууга көнүктүк. **Бейтаптын абалын сүрө** **кыргызча кеп адептерин жана кандай?** деген суроолорго жооп берген сөздөрд аталыштарын, диалог курууну жана текст түзүүнү үйрөндүк. Алган билимиңерди жыйынтыктоо максатында төмөнкү оюнду ойнойбуз. |
| **Баалоо** | Баалоонун критерийи аркылуу студенттердин активдүүлүгүнө карай окутуучу та жеке бааланат |
| **Үй тапшырмасына багыттоо** | 1. Жыл мезгилдери (Жөнөкөй учур чак)<br>2. Сөздөрдү жаттоо, сүйлөм түзүү<br>3. Жыл мезгилдери (Кыскача текст түзүү) |
| **Сунушталган адабияттар** | 1. Бакытбек Токубек уулу. Кыргыз тилин үйрөнөбүз. Бишкек, 2009. 2. Нурмамато Толубаева Г. М., Абышева З.А., Кыргыз тили.<br>Ош, 2015<br>3. Англисче- кыргызча сөздүк. |

| | |
|---|---|
| **Колдонулган адабияттар** | 1. Абдуллаев .Э. Азыркы кыргыз тили.-Б.,Кыргызстан,1998-ж 2. Ахматов Т., Мукамбаев Ж Азыркы кыргыз тили.- Фонетика. Лексика.-Ф., 1978 3. Нурмаматовна М. Т., Абдышова З. А Кыргыз тили. Ош, 2015. 4. Нанаев К. Т. К тили . Медик студенттер жана медицина кызматкерлери үчүн окуу китеби.- Б.,199 |
| **Интернет ресурстары** | https://drive.google.com/file/d/1xIxQo8_EM6JeDiS4xvjgNWqGxSOFXTX/view?usp= |

**Өтүлгөн теманы суроо: № 1 тиркеме**

| |
|---|
| 1. The adjective can be negated and formed into the question. The negation word эмес comes after an adjective. М.: Бул анар кызыл эмес. This pomegranate is not red.<br>2. The question –бы? Is added to the adjective. М.: Бул алма кызылбы? Is this apple red? If it substitutes the noun, then you add question ending to the personal endings. М.: Ал жашпы? Is he/she young? |

**1-көнүгүү. Төмөнкү буюмдардын түсү кандай?**

| | | | |
|---|---|---|---|
|  |  |  |  |
| ... кан | ... беткап | ... халат | ... капсула |
|  |  |  |  |

| ... шым | … куртка | ... колкап | ... стетаскоп |
|---|---|---|---|
|  |  | ак –white кара –<br>black күрөң -brown<br>кызыл – red<br>жашыл-green<br>сары -yellow<br>кызгылт сары-ora<br>боз-gray гүлгүн ge<br>кызыл-pink сыя<br>түс-violet | |
| ... көйнөк | ... шапка | | |

**2-көнүгүү. Сүйлөмдү толуктагыла.** Put the appropriate adjektives in the box and complete the sentences.

| |
|---|
| кызыл, таттуу, акылдуу, кызыктуу, эски, муздак, даамдуу, жумшак. |

**М.:** Мен кечээ кызыктуу китеп окудум.

Мен кечээ ... китеп окудум.

Апам ... тамак жасады.

Менин иним абдан ... .

Анара базардан ... сумка сатып алды.

Балмуздак ... бирок ... .

Менин керебетим ... бирок ... .

**3-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү туура келген сөздөр менен толуктагыла**.

**Үлгү:** Бул бейтап жардам бергенди жакшы көрөт. Ал абдан **куу/ <u>ак көңүл.</u>**

Бул бейтап уктаганды жакшы көрөт. Аны баары **эмгекчил / жалкоо** дешет.

Бул бейтап тамаша сөз көп сүйлөйт. Чын эле, ал **уялчаак / шайыр.**

Ал эч качан саламдашпайт. Анын мүнөзү **сылык / орой.**

Ал жалган сүйлөбөйт. Ал **ачуулуу / чынчыл**.

**4-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдү толуктагыла.**

| |
|---|
| акылдуу, эмес-3, сарыбы? кызыл, ынтымактуубуз, абдан шайыр |

1. Менин досум жакшы окуйт. Ал ... бала.
2. Анын апасы күлүп жүрөт. Ал ... ... экен .
3. Бул банан кызыл ... . Бул банан сары.
4. Бул алма ... ? Жок, бул алма ... .
5. Менин тайпалаштарым дайыма чогуу жүрүшөт. Биз ... . 6. Бул кыз сулуу ... , бирок акылдуу экен.

**Жаңы теманы өздөштүрүү: №2 тиркеме Сөздөрдү туура жайгаштыргыла.**

| | |
|---|---|
|  | **жакшы** |
|  | **жакшыраак** |
|  | **Абдан жакшы** |
|  | жаман |
|  | жаманыраак |
|  | абдан жаман. |

## Сын атоочтун салыштырма даражасы Comparative degree of adjectives

| Adjective: | If adjective ends with: | You add: | Examples: |
|---|---|---|---|
| | consonant: | -ыраак | жаман**ыраак** |
| | vowel: | -раак | жакшы**раак** |

**5-көнүгүү. Төмөнкү сөздөрдү салыштырма даражада жазгыла.** даамдуу-tasty 1. даамдуу**раак** кымбат-expensive 2. кымбат__ арзан-cheap 3. арзан...
эски-old 4. эски...
жаңы-new 5. жаңы...
ысык-hot 6. ысык...
муздак-cold 7. муздак...
таттуу-sweet 8. таттуу...
жаш-young 9. жаш...

## Сын атоочтордун күчөтмө даражасы – Superlative degree of adjectives

| Сын атоочтор Adjectives | Күчөтмө даража Superlative degree | Котормосу Translation |
|---|---|---|
| Жакшы<br>Жаман<br>Сулуу<br>акылдуу<br>кооз<br>кыска | **эң** жакшы **эң** жаман **абдан** сулуу **абдан** акылдуу **аябай** кооз **аябай** кызыктуу | the best the worse the most pretty the smart the most beautiful the most interesting |
| **Бул жардамчы сөздөр түстөрдө күчөтүп айтууда колдонулбайт.** | | |
| ак көк<br>жашыл | **ап**пак **көп**көк **жап**жашыл | whitest<br>bluest<br>greenest |

**6-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна туура келген сын атоочтун күчөтмө даражасын жазгыла

1.Менин досум жакшы окуйт. Ал ... бала.

2. Анын апасы күлүп жүрөт. Ал ... ... экен .

3. Менин тайпалаштарым дайыма чогуу жүрүшөт. Биз ... .

4. Бул кыз .... сулуу экен.

**Бышыктоо: №3 тиркеме 7-көнүгүү. Төмөнкү**

**нерселерди салыштыргыла.**

М.: Анар –алма (даамдуу)

Анарга **караганда** алма даамдуу**раак**. An apple is tastier **than** an pomegranate.

1. Сабиз- картошка (кымбат)
2. Торт-балмуздак (таттуу)
3. Капуста-помидор (арзан)
4. Карагат-ашкабак (чоң)
5. Бектур-Раяна (акылдуу)
6. Апельсин-лимон (кычкыл)

**8-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдү күчөтмө даражада жазгыла.**

М.: Бул бейтап шайыр. Бул бейтап аябай шайыр.

1. Анын үйү **чоң. ________________________________**
2. Ал **сулуу. ____________________________________** .
3. Кыргызстан **кооз** өлкө. _________________________ .
4. Кыргыз тилин үйрөнүү **оңой. ____________________** .
5. Мен апамды **жакшы көрөм**. ______________________ . 6. Кыргыз тил сабагы **кызыктуу. ____________________** .
7. Биздин имарат **чоң. ______________________________** .

**9-көнүгүү. Тексти окугула жана сын атооч сөздөрдү салыштырма, күчөтмө даражада жазгыла.** **М.:** таза-тазараак-таптаза.

***Текстти туура которгула жана айтып бергиле***

Бүгүн биз медайым менен бирге бейтаптарды карап чыктык. Ар бир бейтаптын абалы кечээкиден **жакшыраак** экен. Биз алардын дене табын, кан басымын жана жүрөк кагышын өлчөдүк. Дарыгер бейтаптарга **сылык** мамиле жасады. Айрым бейтаптар жакшыра баштаганын айтышты. Бул мен үчүн **пайдалуу** тажрыйба болду, анткени дарыгер болуу үчүн адамга кам көрө билүү керек.

**10-тапшырма.. Суроолорго жооп бергиле** Алар ким менен иштешти?

Эмнени текшеришти?

Эмне үчүн бул тажрыйба пайдалуу болду?

**Бул сабактын сөздүгү – vocabulary for this is lesson**

| **Түс color** | **Даамы Taste** | **Көлөмү Size** | **Сын-сыпаты Quality** | **Формасы Shape** |
|---|---|---|---|---|
| **ак – white кызыл – red жашыл – green сары – yellow жашыл дарак сары өрүк ак халат** | **таттуу – sweet даамдуу –tasty ачуу – bitter кычкыл – sour таттуу торт даамдуу тамак ычкыл апельсин** | **чоң – large big кичине – smool узун – short кенен – wide узун жол кенен каана чоң үй** | **жакшы –good таза – clean арзан – cheap эски – old таза кийим арзан өтүк эски имарат** | **төрт бурчтуу- sguare тегерек – circle сүйрү – oval тегерек бет төрт бурчтуу стол** |

**Түстөр – colors**
ак – white
кара – black

**Даам - taste**
даамдуу - tasty
таттуу - sweet

кызыл – red
жашыл – green
сары – yellow
алтын түс – golden
күрөң – brown
көк – blue
боз – grey

**Көлөм – size**

чоң – big large
кичине – small little
узун – long
кыска – short
кенен – wide
тар – close
жоон – thick
ичке – narrow
бийик – high
жапыз - low

**Мүнөз - charater**

акылдуу - clever
токтоо –serious
шайыр– cheerful
сылык – polite
ак ниеттүү – kind
эмгекчил – hardworking
чынчыл –fair
жалкоо – lasy
орой –rude
жароокер – nice
капалуу – sad
ачуулуу – angry
куу –cunning

кычкыл - sour
ачуу - bitter
майлуу - fatty
форма - shape
төрт бурчтуу - sguare
тегерек - circle
сүйрү – oval

**Сапаты - quality**

ысык - hot
муздак - cold
жылуу - warm
салкын - cool
таза - clean
кымбат – expensive
арзан - cheap
жаңы - new
эски - old
кызыктуу – interesting

**Келбет – appearance**

жаш - young
кары - old
кыска бойлуу – short growth
узун бойлуу - tall
арык - thin
семиз - thik
сулуу - pretty
чырайлуу - handsome
тармал чачтуу - curly
коюу чачтуу – thick hair
сакалдуу – bearded
кара көз – black eyes
тегерек беттүү – faced round

**Жыйынтыктоо: № 4 тиркеме**

**Тесттик суроолор**

**1. Бейтаптын абалы кандай?**

**а.** кооз, бир аз таза, **б.** жарык, жыттуу

**в.** таза, жарык, **г.** өңү купкуу, алсыз

**2. Сын атооч сөздөргө берилүүчү суроону тандагыла.**

**а.** канча **б.** кайда? **в.** ким? **г.** кандай?

**3. Сын атооч сөздөрдүн салыштырма, күчөтмө даражада туура жазылган вариантын тандагыла:** ***даамдуу***

**а**. даамдуу-даамдуураак-абдан даамдуу

**б.** даамдуу-абдан даамдуу-өтө даамдуу

**в.** даамдуу-даам-татуу

**г**. даамдуу-көп даамдуу- абдан даамдуу

**4. Сын атоочтор кайсылар?**

**а.** ичинде **б.** алма **в.** китеп **г.** шайыр

**5. Сүйлөмдү толуктагыла.** ***Бул абдан ... бейтап***

**а.** сабырдуу **б.** кычкыл **в.** кызыл **г.** кызыктуу

**6. Нурсултандын сырткы келбети кандай?**

**а.** кежир, орто бойлуу **б.** орой, узун бойлуу

**в.** кара тору, узун бойлуу **г.** түнт, узун бойлуу **7.**

**Бейтапка канда мамиле жасоо керек?**

**а.** сылык **б.** орой

**в.** ачуулуу **г.** капалуу

**8. Туура сүрөттөлгөн жемишти тапкыла.**

**а.** алма-кызыл, узун, кычкыл **б.** өрүк- сары, сүйрү, ачуу

**в.** банан- сары, тоголок, даамдуу **г.** лимон-сары, тоголок, кычкыл

**9. Кыздарга тиешелүү сын атоочторду тапкыла.**

**а.** ак жүздүү, чачы узун **б.** сакалдуу, кең далылуу

**в.** орто бойлуу, муруттуу **г.** узун бойлуу, сакалдуу

**10.Сын атооч сөздөр туура колдонулган вариантты тандагыла**

**а**. тажрыйбалуу дарыгер бейтапка жардам берди

**б**. бейтап ооруканада

**в**. дарыгер бейтапты дарылады

**г**. дары жазды

8. **Баалоо:** Баалоону критерийлеринин негизинде окутуучу тарабынан бааланат.

**Сунушталган адабияттар:**

1.Бакытбек Токубек уулу. Кыргыз тилин үйрөнөбүз. Бишкек- 2009. 153-161-б.б.

2.Нурмаматова М.Т., Толубаева Г.М., Абдышева З.А. Кыргыз тили. ОШ-2015. 58-62


**Пайдаланылган адабияттар:**

*1.Дербишева З., Досоева С., Мажитова З. Тил көпүрө. Кыргыз тили чет элдиктер үчүн окуу китеби. Б-2015. 115-б.*

*2.Бакытбек Токубек уулу. Кыргыз тилин үйрөнөбүз. Бишкек-2009. 153-б.*

*3. Инновациялык методикалар жана интерактивдүү окутуу боюнча методикалык курал. Бишкек-2000.*

*4. Тил башат: Көнүгүүлөр китеби. Башталгыч курс. Түзгөн: фил.и.к. Абдиев Т., Сагынбаева Б., Кулалиева К. Бишкек-2006. 120-б.*


**Баалоо: №5 тиркеме**

Топту баалоонун критерийлери

| № | Критерийлер | Упай | Эскертүүлөр |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. | Уюштуруудагы топтордун активдүүлүгү | | |
| 2. | Үй тапшырманы жооп берүүдөгү активдүүлүгү | | |
| 3. | Бышыктоодогу көнүгүүлөрдү аткаруудагы активдүүлүгү: 1-тапшырма | | |
| | 2-тапшырма | | |
| | 3-тапшырма | | |
| 5. | Топтогу эң мыкты катышкан студент… | | |
| 6. | Баары: | | |

**Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалардын үлгүсү**

| **№** | **Ишмер. түр.** | **Аныктамасы** | **Баалоо критерийлери** | **Упайы** |
|---|---|---|---|---|
| **1** | **Оозеки жооптордy баалоо** | | Өздөштүргөн грамматикалык жана синтаксистик жөнөкөй конструкцияларды жогорку деңгээлде колдоно алып, дээрлик ката кетирбесе. Кептин темпи шар, табигый болуп адабий тилдин орфоэпиялык эрежелерин сактаса. | **22-25 «5»** |
| | | | Өздөштүргөн грамматикалык жана синтаксистик жөнөкөй конструкцияларды белгилүү чекте колдоно алса. Тыным жасап, жаңылыш айткан сөздөрүн, каталарын оңдой алса. Кептин темпи шар эмес болуп адабий тилдин орфоэпиялык нормаларын сактаса. | **18-21 «4»** |
| | | | Өздөштүргөн грамматикалык жана синтаксистик жөнөкөй конструкцияларды жеткиликтүү пайдалана албаса. Лексикалык кору жарды болуп алган билимин толук колдоно албаса. Одоно эмес каталарды кетирип, анын айрымдарын гана оңдой алса. | **14-17 «3»** |
| | | | Тилдик каражаттарды толук пайдалана албаса. Лексикалык кору жарды болуп грамматикалык алган билимин дээрлик колдоно албаса.<br>Одоно каталары көп болуп анын айрымдарын гана оңдой алса. | **10-13 «2»** |
| | | | Кептин темпи өтө жай, пауза байкаларлык болсо. Адабий тилдин орфоэпиялык нормаларын толук сактай албаса. Одоно каталары көп болуп аларды оңдой албаса. | **0-9 «1»** |
| **2** | **Жат жазууларды баалоо** | | Катасыз жазылган ишке коюлат. Бирок анда одоно эмес 1 орфографиялык, 1 пунктуациялык катанын болушу мүмкүн. | **22-25 «5»** |
| | | | 2 орфографиялык, 2 пунктуациялык же 2 орфографиялык, 3 пунктуациялык катасы бар жат жазууга колдонулат. Ошондой эле бир типтүү орфографиялык катасы бар ишке коюлат. | **18-21 «4»** |
| | | | 4 орфографиялык, 4 пунктуациялык, же 3 орфографиялык, 5 пунктуациялык, же орфографиялык катасыз, 7 пунктуациялык катасы бар жат жазууга коюлат. | **14-17 «3»** |
| | | | 6 орфографиялык, 6 пунктуациялык, же 5 орфоргафиялык жана 7 пунктуациялык, же 4 орфографиялык, 8 пунктуациялык, 7 орфографиялык, 5 пунктуациялык катасы бар ишке коюлат. | **10-13 «2»** |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | 7 орфографиялык, 7 пунктуациялык, же 6 орфоргафиялык жана 8 пунктуациялык, же 5 орфографиялык, 9 пунктуациялык, 8 орфографиялык, 6 пунктуациялык катасы бар ишке коюлат. | **0-9 «1»** |
| | | | **Жат жазууда үчтөн көп оңдоолор болсо, баа бир упайга төмөндөйт.** | |
| **3** | **Тестти баалоо** | Тест – бул студенттин керектүү билимге, билгичтикке, көндүмгө канчалык деңгээлде жеткендигин баалоочу каражат. | 10 суроону туура белгилесе → 100% | **25** |
| | | | 9 суроону туура белгилесе → 90% | **23** |
| | | | 8 суроону туура белгилесе → 80% | **21** |
| | | | 7 суроону туура белгилесе → 70% | **19** |
| | | | 6 суроону туура белгилесе → 60% | **16** |
| | | | 5 суроону туура белгилесе → 50% | **12** |
| | | | 4 суроону туура белгилесе → 40% | **10** |
| | | | 3 суроону туура белгилесе → 30% | **7** |
| | | | 2 суроону туура белгилесе → 20% | **4** |
| | | | 1 суроону туура белгилесе → 10% | **2** |
| | | | Бардык суроону туура эмес белгилесе → 0% | **0** |
| **4** | **Презент. баалоо** | | Презентациянын мазмуну тандалган темага туура келсе; жөнөкөй сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү туура, дээрлик катасыз колдонсо; жай жана түшүнүктүү сүйлөсө; сүрөттөр, слайддар же таблицалар менен коштолуп, иштин эстетикасы мыкты; белгиленген убакыт чегинде сүйлөсө. | **22-25 «5»** |
| | | | Презентациянын мазмуну тандалган темага туура келсе; жөнөкөй сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү колдонууда одоно эмес каталарды кетирип, бирок кайра оңдой алса; ой жүгүртүү ырааттуу, угармандар үчүн түшүнүктүү; иштин эстетикасы талаптагыдай болсо. | **18-21 «4»** |
| | | | Материалды түшүндүрүүдө бир топ каталарды кетирип, иштин жүрүшүндө алардын айрымдарын оңдоого аракет кылса, иштин эстетикасы орто болуп убакытты туура эмес пайдаланса. | **14-17 «3»** |
| | | | Материалды түшүндүрүүдө одоно каталарды кетирип, иштин жүрүшүндө алардын көпчүлүгүн ыкчам оңдой албаса; иштин эстетикасы талаптагыдай эмес болуп убакытты туура эмес пайдаланса. | **10-13 «2»** |
| | | | Материалды түшүндүрө албайт, иштин жүрүшүндө каталары көп, алардын көпчүлүгүн оңдой албаса; иштин эстетикасы талаптагыдай эмес, убакытты туура эмес пайдаланса. | **0-9 «1»** |
| **5** | **Угуу** | Сүйлөмдөрдү жана сөздөрдү угуп түшүнүүсү бааланат. | ≥80% туура болсо | **22-25 «5»** |
| | | | 70–79% туура болсо | **18-21 «4»** |
| | | | 60–69% туура болсо | **13-17 «3»** |
| | | | 50–59% туура болсо | **0-12 «2»** |
| | | | <40% туура болсо | **0-9 «1»** |
| **6** | | | Сөз айкаштарын туура колдонуу, ойду толук билдирүү. | **22-25 «5»** |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **Сүйлөшүү (диалог)** | Жөнөкөй сүйлөмдөрдү түзүү жана баарлашуу жөндөмү бааланат. | Одоно эмес каталар бар,  бирок ойдун жалпы маанисине таасир этпейт. | **18-21 «4»** |
| | | | Кээде ката, бирок ой түшүнүктүү | **14-17 «3»** |
| | | | Ойлор жарым-жартылай түшүнүктүү | **10-13 «2»** |
| | | | Ой жок же туура эмес | **0-9 «1»** |
| **7** | **Окуу** | Кыска текстти түшүнүүсү бааланат. | Толук жана туура жооп | **22-25 «5»** |
| | | | Одоно эмес каталар бар | **18-21 «4»** |
| | | | Маалымат жарым-жартылай | **14-17 «3»** |
| | | | Кээ бир маанилүү маалымат жок | **10-13 «2»** |
| | | | Түшүнүк жок, көп ката | **0-9 «1»** |